**ОшМУнун социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №5 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

2022-жылдын, 10-декабры
Төрайымы - Р. А. Ысмаилова
Катчы - Т. Ө. Кыдырова
Катышкандар: 20
Келбегени: 2

**КҮН ТАРТИБИ:**

**4.** Окутууда инновациялык методдорду колдонуу боюнча маселе.

**4. Угулду:**

Кафедра башчысы, ф.и.к., доц. Р. А. Ысмаилова, окутууда инновациялык методдорду колдонуунун актуалдуулугу, натыйжалуулугу жөнүндө айтып өттү. Бул маселеге карата окутуучулардын пикирлерин айтууну сунуштады.

**Сөзгө чыкты:**

ф.и.к., доц. Г. Орунбаева: Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуу процессинде бүгүнкү күндө инновациялык, интерактивдүү усулдар кеңири колодонула баштады. Студенттердин таанымдык, жана практикалык көндүмөрүн калыптандыруу да жекече , топтук жана жуптук иштерди уюштуруу аркылуу компеттентүүлүктү калыптандыруу маселеси орчундуу. Ошондуктан өтө тез өнүгүп жаткан заман шартына ылайык усулдарды өркүндөтүү жана жаны активдүү усулдарды колдонуу зарылчылыгы жаралат. Бул багытта жыл сайын предметтердин өзгөчөлүгүнө ылайык жаңы технологиялар колдонулуп келет.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу А. Маматова: Быйылкы окуу жылында кафедранын аспиранты К. Джеенбаева тарабынан даярдалган “Дидактикалык оюндар” деген аталышындагы китебинин жарык көрүшү инновациялык усулдарды жайылтууда чоң мааниге ээ. Биз жогорудагы китептеги дидактикалык оюндарды сабакта колдонуп, жакшы жыйынтыкка жетишсек болот. Анткени оюн аркылуу тилди үйрөтүү бир топ натыйжалуу болот. Ошого ылайык тилдер секциясынан “Дидактикалык оюндар”колдонмосунан дагы оюн усулдарын апробациялоону сунуштаймын.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу Б. Адылбекова сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө гуманитардык предметтерге “Дискуссия” усулун колдонууну сунуштады. Дискуссия аркылуу студенттердин сынчыл ой-жүгүртүүсү, коммуникативдик жана талкууга катышуу маданияты, студенттердин демилгелүүлүгү жана активдүүлүгү калыптана тургандыгын белгилеп өттү.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу А. Кенжебайова: “Перевернутый класс” усулун студенттердин өз алдынча ишин уюштурууда колдонуу жакшы натыйжа бере тургандыгын айтты. Анткени мында салттуу форма менен электрондук инновациялык окутуунун элементтери

айкалышат. Анын негизинде студенттер өз алдынча иштерин электрондук формада жөнөтүп окутуучу менен аралыктан иштешүү мүмкүнчүлүгү жаралат деп белгиледи.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана окутуучулардын ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен кафедранын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

**1.** 2022-2023-окуу жылында окуу процессинде инновациялык усулдардан: “Дидактикалык оюндар” , “Перевернутый класс”, “Дискуссия” усулдары жандандырылсын.
**2.** Усулдарды колдонуу окутуучулардын ОМК да белгиленсин.

Кафедра башчы: Р. А. Ысмаилова

Катчы: Т. Ө.Кыдырова